Бекитемин

Мектептин директору ____________ Турунов М.С

**Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин педагогикалык кызматкерлеринин кесиптик квалификациясын жогорулатуу жобосу.**

**1.Жалпы жобо.**

- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу юридикалык жактар тарабынан Кыргыз билим берүү институту,мугалимдердин билимин өркүндөтүүнүн областтык институттары ,жогорку окуу жайларыижана илимий уюмдар же мекемелер менен келишимдер боюнча юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен жүзогө ашырылат.

- Мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатуу өмүр бою билим берүүнүн ажырагысибөлүгү болуп, адамдын көз карашын кеңейтүүгө,педагогикалык инновацияларды киргизүүгө, мугалимдин чыгармачылыгын жана кесиптик мобилдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган процесс.

- Кыргыз Республикасында педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууну Кыргыз билим берүүакадемиясы (КАО), облустук педагогикалык кадрларды өркүндөтүү институттары жана илимий-методикалык борборлор, ошондой эле облустук, райондук(шаардык) бөлүмдөр саналат жана мугалимдердин профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатуу боюнча конкреттүү милдеттерди ишке ашырат.

- Мамлекет педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну жүзөгө ашыруучу мамлекеттик мекемелердин чыгымдарын өзүнө алат.

**2. Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуунун негизги милдеттери.**

Кыргыз Республикасындагы педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуунун негизги максаты:

- Бардык категориядагы педагогикалык кадрлардын кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу;
- Педагогдордун жаңыланган билимдерге болгон керектөөлөрүн ыкчам канааттандыруу;
- Психологиялык-педагогикалык илимдин акыркы жетишкендиктеринде педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну ишке ашыруу;
- Билим берүү мекемелеринде инновацияларды киргизүү, окуу процессине
- заманбап педагогикалык технологияларды изилдөө жана киргизүү үчүн шарттарды түзүү.
- Окуу-тарбия процессин өркүндөтүүдө, аны жогорку сапаттык деңгээлге

- көтөрүүдө мугалимдерге теориялык жана практикалык жардам көрсөтүү;
- Респуликанын педагогикалык кадрларынын сапаттуу аттестациядан өтүүсүн камсыз кылуу;

**3. Квалификацияны жогорулатууну уюштуруунун негизги принциптери.**

3.1. Республикада педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуунун негизги формалары болуп жогорулатуу курстары, семинарлар, стажировкалар, методикалык жана өзүн-өзү тарбиялоо иштери саналат.

3. 2. Кыргыз билим берүү академиясы (КАО), аймактык ИУ жана ЖМБ курстардын ар кандай түрлөрүн (2 жумалык, көйгөйлүү, тематикалык, максаттуу, туруктуу, күндүзгү, дистанттык, сырттанокуу, визиттик), авторлук жана көйгөйлүү семинарларды, жеке программалар боюнча тренингдер өткөрүшөт.

3.3. Республикада педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу курстардын узактыгы, аларды өткөрүүнүн формасы жана мөөнөттөрү квалификацияны жогорулаттуучунун милдеттерине, суроо-талаптарына жана муктаждыктарына жараша.Квалификацияны жогорулатуу курстарынын узактыгы 72 академиялык сааттан кем болбоогоитийиш.

3.4. Окутуу жумуштан четтетүү, жарым-жартылай четтетүү жана четтетпестен дагы өткөрүлөт.

3.5. Окутуу 1-сентябрдан 1-июлга чейин белгиленет.

3.6. Квалификацияны жогорулатуу тиешелүү тестти, экзамендик тапшыруу, реферат же бүтүрүү ишин коргоо менен аяктайт. Окуупланынын бардык талаптарын аткарган студент
квалификациясын жогорулатуу боюнча сертификат алат.

3.6. Акыркы беш жылдын ичинде тиешелүү сертификаттар менен тастыкталган , жалпысаны 72 аудиториялык сааттан кем эмес ар кандай семинарларга катышкан мугалим квалификациясын жогорулатууну аяктаган деп эсептелинет.

**Мугалимдин билимин өркүндөтүү үстүндө иш алып баруунун көрсөткүчтөрү:**

1.Мугалимдердин өз билимин жогорулатуу боюнча кандайдыр бир теманын үстүндө иштөө.
2. Мугалимдерди курстан өткөрүүнү уюштуру жана курстан өткөн мугалимдердин ачык сабактарды берүүсү.
3.Декадаларды, бирдиктүү метод күндөрдү уюштуруу.
4.Ачык сабактарды уюштуруу.Педагогикалык тажрыйбаларды жалпылоо.
5.Чыгармачыл мугалимдердин иш тажрыйбасы менен иш алмашуу(опыт).

Билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан мугалимдердин окутуучу көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуучу пландын болушу.

Ар бир окуу жылынын башталышталышында райондук билим берүү бөлүмүнө мектептин квалификациясын жогорулатууга муктаж мугалимдеринин тизмеси бекитилип берилет.Областтык билим берүү институтунун кваливикацияны жогорулатуу семинарларынын графигине киргизилип мугалимдер квалификациясын жогорулатып келишет.

Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификапиясын жогорулату үчүн беш жыл сайын
жиберилет,андан сырткары тренингдерге кыска мөөнөттүү квалификациясын жогорулатуучу окууларга барышат.

Педагогдорду кесиптик өнүктүрүүнүн салттуу системасы колдонулат:
-Жыл сайын 15% кем эмес педагог(5жылдын ичинде 75%)өз квалификациясын курстарда,семинарларда,тренингдерде анын ичинде дистанттык түрдө жогорулатат;